| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ОШ ОБЛУСУ<br>КАРА-КУЛЖА РАЙОНУ<br>ЫЛАЙ-ТАЛАА<br>АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>КАРА-КУЛЖИНСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>ЫЛАЙ-ТАЛИНСКОГО<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА** |

Ылай-Талаа айыл аймагынын айылдык Кеңешинин (VII чакырылыштагы) кезектеги I сессиясынын жыйынынын

**Т О К Т О М У**

2024-жылдын 28 - марты, № 1/7 Ылай-Талаа айылы.

**Жайыт комитетине долбоор аркылуу алынган, азыркы мезгилде Ылай-Талаа айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн балансында турган атайын техникалардын элге кызмат кылуу тарифтерин бекитүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндөгү" Мыйзамынын 2-главасынын 27-беренесинин 2 –пунктуна ылайык Ылай-Талаа айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн балансында турган атайын техникалардын элге кызмат кылуу тарифтерин бекитүү тууралуу Ылай-Талаа айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн башчысы Б.Эргешбаевдин жана бул техникалардын операторлорунун маалыматтарын угуп жана талкуулап Ылай-Талаа айыл аймагынын айылдык Кенеши **токтом кылат:**

1.Ылай-Талаа айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн балансында турган атайын техникалардын айыл аймагында айыл өкмөтүнүн жана башка юридикалык, физикалык тараптардын жумуштарын аткарууда төмөндөгүдөй тарифтери бекитилсин:

- МТЗ-82 тракторунун базасындагы экскаватор-бульдозер үчүн ар бир мото/саатына **2500 сом**;
- Погрузчик жүктөгүчтөрү үчүн ар бир мото/саатына **3500 сом**.

2.Атайын техникалардын ар бир иштетилген мото/сааты боюнча иштеткен тараптар менен эсептешүү жүргүзүү, түшкөн каражаттын **1/3 (үчтөн бир)** бөлүгүн айыл өкмөтүнүн эсебине которуу, техникалардагы мото/сааттын оң абалда болушун жана айыл өкмөтү аркылуу жалпы эл пайдалануучу жерлердеги калыбына келтирүү жумуштарына жогорудагы 1/3 төлөмүнөн бошотуу менен күйүүчү май чыгымын алуу менен иштеп берүү жагы ушул техникалардын операторлору Ибраимов Жылдызбекке, Мурзалиев Эрмекке жана Маметов Эркебекке милдеттендирилсин.

3.Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлгө алуу жагы Ылай-Талаа айыл аймагынын айылдык Кеңешинин курулуш, транспорт, өнөр-жай, соода, ишкердүүлүк, байланыш, энергетика жана кайра иштетүү боюнча туруктуу комиссиясына тапшырылсын.

**Төрага** **А.Кадыркулов**